| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**КЕМИН РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-КЕМИН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЧОҢ-КЕМИН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КЕМИНСКИЙ РАЙОН**<br>**ЧОН-КЕМИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-КЕМИНСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Т О К Т О М**
**П О С Т А Н О В Л Е Н И Е**

2024-жылдын 16-апрель № 08 Шабдан айылы

## Айыл аймак боюнча коруктун мөөнөтүн жана коруктун бааларын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жыл 20-октябрь №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө"мыйзамынын 34-беренесинин (Айылдык аймактардын,шаарлардын,жергиликтүү кеңештердин компетенциялары) 17-пунктун (мыйзамдарга ылайык башка маселелерди чечүү) жетекчиликке алып

Чоң-Кемин айыл аймагы боюнча дыйкандардын өндүргөн айыл чарба товарларын коромжуга учуратпай жыйнап алуу максатында

1.Чоң-Кемин айыл аймагы боюнча талаачылык коруктардын убактысы төмөндөгүдөй бекитилсин:
- айыл чарба багытындагы жерлерди коруу 10-майдан 10-октябрга чейин бекитилсин.
- малдын ээси камаган корукчуларга (сыйлык катары) 1-жолу – 200 сом; 2-жолу – 500 сомдон (ар бир бодого) накталай төлөп берсин.
- Жери бар атуулдар корукчуларга айыл чарба жерлерин коругандыгы үчүн, өз ара келишимдин негизинде корук акысын төлөп беришсин.

2.Айыл өкмөт башчысына:
- Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябры № 128 Укук бузуулар жөнүндөгү кодексинин негизинде иш алып барсын.
- корукчулар менен келишимдер түзүлсүн.
- жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
- укук бузуулар катталса мыйзам чегинде протоколдор түзүлүп каттоого алынсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **Шейшенбеков А.**

Таркатылды;айыл өкмөтүнө,көктөмөгө